Бекитем
Сузак районунун
№27 Ю.А.Гагарин
атындагы орто мектебинин
мүдүрү Абибова Л.Л.
"22" ________ 2024-ж.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын жайылтылышы туралуу**

**Акт**

1. **Ишке ашыруунун автору:** Темирбаева Гулзад Козоновна
2. **Илимий иштин аталышы:** "Адабий окуу" сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн илимий-методикалык негиздери.
3. **Аннотация:** "Адабий окуу" сабактарында окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн илимий-методикалык негиздерин аныктоого арналган.Жаш муундарды адабияттын байлыктарына тартуу, окуу кызыкчылыктарын өнүктүрүү,аларды аткаруунун теориялык жана практикалык маселелерин чечүүнүн жолдору сунушталды
4. **Натыйжасы:** "Адабий окуу" сабагынын натыйжалуулугун артыруунун методикалык шарттары,китептер жана китеп окуу коомдо ар дайым адамдын руханий өнүгүүсүнүн маанилүүлүгү,окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккандыгы,анда сабактын максаттары,мазмуну,мугалимдин ишмердүүлүгү менен компентентүүлүгү жөнүндөгү маселелер,балдарды адабияттын байлыктарына тартуу,окуу кызыкчылыктарын өнүктүрүү жолдорун көрсөттүк. Текстти талдоо, системалаштыруу,кайра иштеп чыгуу,окуу ылдамдыгына жетишүү башталгыч класстарда окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү каралды.Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар,конкреттүү ой-сунуштар,окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн жолдору каралды.Мугалимдин сабакты даярдоого,план түзүүгө,уюштурууга жана сабакты даярдоого,план түзүүгө,уюштурууга жана сабакты өткөрүүгө даяр теориялык жана практикалык маалыматтарды бере алгандыгы,"Адабий окуу" сабагынын мазмунун байытууга кызмат кылгандыгы азыркы талапка ылайык жүргүзүүгө керектүү материалды бере алгандыгы менен түшүндүрүлөт.Изилдөөнүн жүрүшүндө иштелип чыккан методикалык ой-сунуштардын алгылыктуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип,практикада колдонууга сунуш кылынды.
5. **Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Иштелип чыккан педагогикалык шарттардын натыйжалуугу 2016-2023 -окуу жылдары изденүүчү катары эксперимент аркылуу апробацияланды.

**Ишке ашыруу формасы:**Башталгыч класстарда “Адабий окуу”предметинин программасынын жана окуу китептеринин окуу ишмердүүлүккө тиешелүү бөлүмдөрүнүн тактап,методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт,адабий окуу

боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр ,методдор окуучулардын өз алдынчалыгын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө,өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттайт. Азыркы учурда өтүлүп жаткан адабий окуу сабактарында окутууга салттуу мамиле кылуу, сабактын этаптары эч бир өзгөрүүсүз. Бул окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын жогорулатууга кызмат кыла албайт. Сабакта колдонулган ык-жолдор ,методдор,каражаттар,методикалык эмгекте кандай берилсе,дал ошондой кылып туроого негизделгендиктен,алар күткөн натыйжаларды бербей келет.Адабий окуу сабагынан берген мугалимдеринде кеп маданияты,жалпы эле маданий компентенттүүлүктү жакшыртуу зарылдыгы бар "Адабий окуу" предметинин программасынын жана окуу китептеринин окуу ишмердүүлүккө тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт; адабий окуу боюнча сабакты изилдөөгө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынчалыгы,ойжүгүртүүсүн өстүрүүгө, өтүлө турган темага болгон кызыгууларын жогорулашын шарттайт.

Изилдөөнүн жыйынтыгында башталгыч класста адабий окуу сабагында окуу ишмердүүлүктү өнүктүрүү, анын натыйжалуулугун артыруу боюнча тажрыйбалык топтордо тиешелүү сабактарды өтүү, заманбап салтттуу жана интеграциялап окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу изденүүчүнун жеке өзү тарабынан ишке ашырылды.Сабактын натыйжалуулугун өркүндөтүүнүн негизги методикалык шарттары катары сабактын стратегиясынын аныктап алууну,окуучулардын билим алуу көндүмдөрүн жакшыртууну жана интеграциялап окутууну камсыз кылат.

Демек, изилдөөнүн жыйынтыгы адабий окуу сабагын башталгыч класстын окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга таасир тийгизе тургандыгын далилдеди.

**№ 27 Ю.А.Гагарин атындагы орто мектебинин мүдүрү:** **Абибова Л.С.**

**Адабий окуу сабагынын мугалими:** **Таштемирова Г.Т.**

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялар кафедрасынын башчысы, п.и.к.,доцент:** **Маатазимова Г.Э.**